Кыргыз Республикасыны

Билим берүү жана илим

министрлигине

Туйту Каракеев орто

мектебинин мүдүрү

М.М.Кадыровадан

Арыз

Кош-Коргон айылындагы Туйту Каракеев атындагы орто мектеби

Институционалдык аккредитациядан өткөрүүнү суранат.

Уюштуруу-укуктук формасы: мекеме

Менчик түрү: аралаш
Юридикалык дареги: Туйту Каракеев атындагы орто мектеби

Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы,Чүй областы,Чүй району,

Кош-Коргон айылы, Каракеев көчөсү.,24.

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери: 03105200610041

Юридикалык жакты каттоо (кайрадан каттоо) датасы: 2021-ж.4- май

Билим берүү уюмунун жетекчисинин телефон номери: 0708709086

Билим берүү уюмунун электрондук дареги (почтасы): tkarakeev@gmail.com

Тиркелет:Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет 17 бет

2021-жылдын «11» ноябрь

М.О. ____________ ____Кадырова М,М,

( кол тамга) (аты-жөнү)

БЕКИТИЛДИ

2021-жылдын «__»_______

№____буйругу менен

**ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ**

Туйту Каракеев атындагы орто метеби

**ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО**

**Киришүү**

| | |
|---|---|
| 1.1 Билим берүү уюмунун түзүлүшү жөнүндө кыскача маалымат | Негизги жалпы, жалпы орто билим берүүчү мектеп<br>Мектеп 1989- жылы эксплуатацияга берилген.Эки кабаттуу,типтүү эмес, долбоордук кубаттуулугу-110 орундуу<br>Жалпы аянты 1600 кв.м.<br>Мектептин алгачкы аталышы – Кош-Коргон орто мектеби<br>Учурдагы аталышы- Туйту Каракеев атындагы орто мектеби (2011-жыл 3-май).<br>Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт |
| 1.2 Билим берүү уюмунун миссиясы: | «Мектеп окуучунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, билимди ар бир окуучу үчүн мүмкүн болушунча сапаттуу деңгээлде алууну камсыз кылат.Окуучулардын, ата-энелердин, коомдун, жана мамлекеттин билимге болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баланын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, турмуштагы ордун табууга көмөктөшөт.» |
| 1.3 Билим берүү уюмундагы жетекчинин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары. | Кадырова Махабат Маршалбековна<br>Байланыш телефону: 0708709086 |
| 1.4 Билим уюмунун буга чейинки аккредитация жөнүндө маалымат. | Аккредитациядан 2017- жылында өткөн. |
| Мектептин дареги: | Кыргыз Республикасы,<br>Чүй областы, Чүй району,<br>Кош-Коргон айылы,Каракеев көчөсү.,24.<br>Почталык дареги: tkarakeev@gmail.com<br>Веб-сайт:<br>https://karakeev.mektebim.kg/ru/o-nas/ |

**1.Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база**

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1.Б И Л И М Б Е Р Ү Ү Н Ү Н С А П А Т Ы Н К А М С Ы З Д О О С А Я С А Т Ы** | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Мектепте окуу- тарбия процесси КР Өкмөтүнүн 2014- жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, КР «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарынын, мектептин уставынын, күбөлүктүн,ченемдик-укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт.<br>Локалдык актылар педагогокалык кеңешмеде талкууланып, бекитилген.Мектептин окуу-тарбия процессинин жана документацияларынын жүргүзүлүшү,ченемдик актылардын иштетилип чыгышы, мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келет:<br>• Мектептин Уставы<br>• Ченемдик-укуктук актылар<br>• Мектептин Базистик планы | 1.1.1 Мектептин Уставы<br>1.1.2 Тарификациялык тизме<br>1.1.3 Мектептин окуу- тарбия процессинин жүрүшүндөгү локалдык актылар.<br>1.1.4 «Мектептин түзүмдүк бөлүмдөр жөнундө» жобо<br>1.1.5 Эмгек келишими<br>1.1.6 Мектептин Базистик планы<br>1.1.7 Функционалдык милдеттер |
| | **Күчтүү жактар:** | Мектепте окуу- тарбия процесси мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын, мектеп уставы жана ченемдик-укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт.Мектептин уставы менен кызыктар тараптардын тааныш болгону. | |
| | **Алсыз жактар:** | Айрым ата энелердин «Ата-энелер жөнүндөгү» жоболор, милдеттери, укутары, мектептин уставы менен тааныш болбогондугу жана маани бербегендиги.Айрым окуучулардын жана мугалимдердин функционалдык милдеттерин толук аткарбагандыгы.Айрым мектеп кызматкерлеринин ченемдик- укуктук актыларды толук билбегендиги. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын,кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу | **Мектептин миссиясы:** «Мектеп окуучунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, билимди ар бир окуучу үчүн мүмкүн болушунча сапаттуу деңгээлде алууну камсыз кылат.Окуучулардын, ата-энелердин, коомдун, жана мамлекеттин билимге болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баланын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, турмуштагы ордун табууга көмөктөшөт.»<br>Мектептин миссиясынын негизинде 3 этап менен 1- этап 2018-2019-окуу жылдары,2- этап 2020-2023-окуу жылдары жана 3- этап 5 жылдык Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштетилип чыгып, педагогикалык кеңешмеде каралып, бекитилген жана төмөнкү максаттарды койгон: ар бир баланын жөндөмдүүлүгүнө жана керектөөсүнө жараша билим алууга бирдей жетүүнү камсыз кылуу, шыктуу окуучуларды колдоо, окуучуга билим алууга, күтүлбөгөн кырдаалдарда багыт алууга жана маалыматка талдоо жүргүзүүнүн, коммуникациялык жөндөмдүүлүктүн негизинде чечим кабыл алууну, компетенттүүлүктү киргизүү, электрондук китеп, электрондук журнал программалары менен иштөө.<br>Окутуунун төмөнкүдөй жыйынтыктары пландалган: маалыматтык компьютердик технологияларды ар бир окуучу, мугалим сабакта, класстан тышкаркы иш- чараларда өздөрү колдонууга жетүү, окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен билим сапатын жогорулатууга жетүү, областтык, республикалык предметтик олимпиадаларда байгелүү орундарга жетүү, билим берүүнүн маалыматтык системасы менен иштөө.<br>Мектептин миссиясынын,стратегиялык планынын, максаттарынын жана күтүлгөн жыйынтыктарынын макулдашылгандыгы окуу –тарбия процессин туура пландаштыруу жолу менен ишке ашырылат | 1.2.1 Мектепти Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы<br>1.2.2 Педкеңешменин протоколу №1 28.08.18<br>1.2.3 Мектептин жылдык планы<br>1.2.4 Жылдык анализи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын түзүмдөрдүн болушу | Мектепте билим сапатын камсыз кылуу боюнча системалуу иштер жүргүзүлөт.Билим сапатын көтөрүүгө карата методикалык бирикмелерде, методикалык кеңеште, педагогикалык кеңешмелерде предметтердин берилиши, абалы, окутуунун методикалык ыкмалары, предметтер боюнча билим сапатынын мониторинги каралып, жетишкендиктери, кемчиликтери талкууланып, баалоо, толуктоолор жана сунуштоолор берилет.Билим берүү сапатын камсыздоо мектептин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн педкеңешме,усулдук кеңешме, алдын алуу кеңешмеси, усулдук бирикмелер, окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмдарынын ишмердүүлүгү менен жүргүзүлөт. Билим сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууда локалдык документтер менен иштер жүргүзүлөт.Билим сапатын камсыздоо саясатын жүргүзүүдө жооптуу адамдар буйруктун негизинде бекитилген,өздөрүнүн кызматтык милдеттерин так билет, ар бир мугалимге предметтери, класстары боюнча салыштырмалуу мониторинг жүргүзүлөт. | 1.3.1 Түзүмдүк бөлүктөр боюнча схема<br>1.3.2 Билим сапатын көтөрүүнүн иш планы.<br>1.3.3 УБнин токтому<br>1.3.4 Педкеңешменин токтомунун чечимдери<br>1.3.5 Класстар жана предметтер боюнча билим сапатынын мониторингдери<br>1.3.6 МЖА,ЖРТ,НЦТ, СЕКОМдун 5 жылдык мониторингдери<br>1.3.7 Билим сапатынын мониторинги (5 жылдык)<br>1.3.8 Локалдык актылар<br>1.3.9 Директор алдындагы кеңешменин токтому<br>1.3.10 Буйруктар<br>1.3.11 Мугалимдердин предметтери, класстары боюнча мониториги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4 | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо(билим берүүнүн жана инсандын,маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданиятын калыптангандыгы) | Мектептин кызматкерлеринин, окугандардын жана социалдык өнөктөштүктөрдүн жүрүм-турумунун этикалык ченемдери, эрежелери педагогикалык кызматкерлер тарабынан талкууланып, сунуштоо жана кошумчалоо менен педагогикалык кеңешмеде кабыл алынган жана окуу- тарбия процесси ушул ченемдик документтердин негизинде жүргүзүлөт.Тартипсиздикти алдын алуу кеңеши системалуу иш жүргүзүп турат.Уюштуруучу,соцпедагог ИДН кызматкери менен тыгыз байланышта болуу менен алдын алуу иштерин үзгүлтүксүз жүргүзөт жана сопедагог окуучуларга психологиялык жардам көрсөтүп турат.<br>Жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдери менен мектепке жаңы келген окуучулар,кызматкерлер, ата- энелер тааныштырылып турат.Ченемдер,эрежелер мектептин жалпы ата-энелердин, окуучулардын класстык, мугалимдер жамаатынын жана профсоюздук чогулуштарында каралып турат.Окутуу- тарбиялоо процессинин катышуучуларынын талаш-тартыш абалдарын чечүүдө арыздары мугалимдер жамаатынын жана профсоюздук чогулуштарда, мектеп администрациясынын жекече сүйлөшүү жолдору менен каралат. | 1.4.1 Мектептин уставы<br>1.4.2 «Мектептин ички эмгек тартиби жөнүндө» жобо<br>1.4.3 «Окуучулардын жүрүм-турум \эрежелери жөнүндө» жобо<br>1.4.4 Ишеним почтасы<br>1.4.5 Уюштуруучунун анализи<br>1.4.6 «Тартипсиздикти алдын алуу кеңешин түзүү жөнүндө» жобо<br>1.4.7 Тартипсиздикти алдын алуу кеңешинин токтому |
| 1.5 | Ишти пландоо, уюштуруу, баалоо, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | Окуу жылынын башында ишмердүүлүтү ички баалоо комиссияларын түзүү боюнча буйруктар,жоболор менен иш жүргүзүлөт.Жаңы окуу жылына карата сырткы баалоолор райондук түзүмдөрдүн,билим берүү бөлүмүнүн өкүлдөрүнөн комиссия түзүлүп ( Чүй- Токмок санэпидемстанция,МЧС, архитектура,экотехинспекция ж.б.), жүргүзүлөт. Окуучулардын ден соолугуна,сергек жашоосуна кам көрүү максатында күн сайын эртең мененки 10 минуттук гимнастика жасатуу салтка айланып калган. Билим берүүдө коопсуздук камсыздөө үчүн техникалык коопсуздук эрежелери,өрт коопсуздугу,өзгөчө кырдаал учурундагы коопсуздук,жолдо жүрүү эрежелери, тартипсиздикти алдын алуу,санитардык- гигиеналык эрежелерин сактоо жана алдын алуу боюнча иштер системалуу жүргүзүлөт жана ЧТББ, СЭС,МЧС тарабынан текшерүүлөр жүргүзүлүп,сунуштоолор болуп турат.Коопсуз чөйрөнү түзүүгө карата тосмо бар,от жагуу системасы талапка жооп берет, жашылдандыруу иштери жакшы | 1.5.1 Антитеррордук паспорт<br>1.5.2 Техникалык коопсуздук журналынын сүрөтү<br>1.5.3 Энергетикалык паспорт<br>1.5.4 Жарандык коргонуу боюнча иш-планы<br>1.5.5 Локалдык актылар<br>1.5.6 Буйруктардын көчүрмөлөрү<br>1.5.7 Сурамжылоо,анкета<br>1.5.8 Дубал газеталарынын сүрөттөрү<br>1.5.9 Сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | абалда.Мектептин ишмердүүлүгүн пландоо,уюштуруу,баалоо жана коопсуздугунун абалына билим берүү процессинин катышуучуларынан сурамжылоо,анкета жүргүзүүнүн негизинде мониторинг жасалган жана көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы бар. | |
| 1.6 | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу | Ата-энелер комитети жөнүндө жобо бар жана ата-энелер комитети менен тыгыз иш жүргүзүлөт. Ата- энелердин кызыкчылыктары, ойлору,сунуштоолору дайыма эске алуу менен ата- энелерди мектепке таруууга багытталган пландуу иш- чаралар иштетилип чыккан. Ата-энелер комитети менен окутуу-тарбиялоо процессиндеги көйгөйлөрдү чечүү,башталгыч класстарында шар окутууда ата- энелер менен биргелешкен иш жүргүзүү, балдардын ден соолугуна, коопсуздугуна кам көрүү, материалдык – техникалык базаны жакшыртуу иштери системалуу жүргүзүлүп келет.Ата- энелер үчүн бурч уюштурулган ата- энелердин укуктары, милдеттери жана керектүү маалыматтар илинген.Ата-энелер мектептин жашоосунда дайыма активдүү катышып, окуу- тарбия процессин жакшыртууда авангард болуп саналат жана ой-пикирлери,сунуштары эске алынат. Материалдык-техникалык базаны жакшыртууда мектеп демөөрчүлөр менен тыгыз иш алынып барат.12 класс-кабинет автордук класстар талапка ылйыктуу жасалгаланган,эмеректер менен камсыз болгон.Областык, район аралык иш-чараларга окуучуларды катыштырууда ата-энелер,демөөрчүлөр аркылуу каржыланат жана ата-энелерди мектепке тартууда дайыма түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.Өзүн-өзү башкаруу уюмунун, ПКнын коопсуздукту алдын алууда салымдары чоң. | 1.6.1.Мектептин уставы<br>1.6.2 «Ата-энелер комитети жөнүндө» жобо,чогулушунун токтомдору<br>1.6.3 Демөөрчүлөр, ата-энелер менен иш алып баруунун сүрөттөрү<br>1.6.4 Ата-энелерди сурамжылоонун жыйынтыгы<br>1.6.5 Өзүн-өзү башкаруу уюмунун токтому<br>1.6.6 « Тамактанууну уюштуруу жөнүндө» буйрук |
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын,веб-сайттын,электрондук почтанын болушу | Мектепте окутуу- тарбиялоо процесси билим берүүнү башкаруу системасынын маалымат базасынын негизинде жүргүзүлөт.<br>«Жаңы китеп» -2018- жылы, мектептин электрондук почтасы 2017-жылы ачылган,интернет байланышы КР БбЖИМнин колдоосу менен Maxlink компаниясы аркылуу коюлган,билим берүүнү маалыматтык башкаруу системасы 2017-жылы ишке киргизилген жана веб- сайт 2021- жылы ачылган.Мектеп билим берүүнүн маалыматтык системасынын базасына буйрук менен жоопту адам бекитилген жана | Электрондук почта:<br>tkarakeev@gmail.com<br>веб-сайт:<br>https://karakeev.mektebim.kg/ru/o-nas/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | системалуу түрдө маалыматтарды топтоп берип турат. Билим берүүнүн маалыматтык системасына (ИСУО) академиялык,окуучулар, кызматкерлер,экзамендер,милдеттер,каржылоо, инфраструктура боюнча берилип турат.Мектеп маалыматтарды билим берүү бөлүмүнөн электрондук почта аркылуу да алып турат. | |
| **Күчтүү жактар:** | | Мектептин миссиясын ишке ашырууга багытталган системалуу иштердин жүргөндүгү.Ата- энелер комитетин мектепке тартуу менен мектептин ишинин айкалышы.Демөөрчүлөр менен иштөө.Билим берүүнү башкаруу маалыматтык системасы менен ишти алып баруу. | |
| **Алсыз жактар:** | | Улуу курактагы мугалимдер интернеттен маалымат алуу, колдонууну билбегендиги.Айрым ата- энелердин билим сапатын көтөрүүгө таасирин тийгизбегендиги. | |
| **2.К А Д Р Д Ы К  С А Я С А Т Т Ы Н  Э Ф Ф Е К Т И В Д Ү Ү Л Ү Г Ү** | | | |
| 2.1 | Педагогикалык,административдик окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектепке кызматкерди жумушка кабыл алуу КР Эмгек кодесинин негизинде жүргүзүлөт.<br>Мугалимдерди, кенже кадрларды кызматка алууну директор жүргүзөт.<br>Мектепте КР Эмгек кодексинин 64-беренесине ылайык жумушка кабыл алууда эмгек келишимин түзүүдө көрсөтүлүүчү документтер, 54- беренеге ылайык талап кылынган документтердин тизмеси бар. Мектептин директору кызматкер менен эмгек келишимин түзгөн, эмгек келишимдин шарттары КР Эмгек кодексинин негизинде түзүлгөн. КР Эмгек кодексинин 58-беренесинин негизинде мектептин кызматкери жумушка кабыл алынганда мектептин Уставы, ички эмгек тартибинин эрежелери менен тааныштырылат жана талап кылынуучу документтер ЭКнин 54-беренеси менен жүргүзүлөт.Кенже персоналдар ( от жагуучу) 55- берененин 2 пункту менен кабыл алынат.Жумушка кызматерди кабыл алынып жатканда талап кылынуучу документтер тизме менен берилип, андан кийин кабыл алынат жана мектептин Уставы, ички эмгек тартиби,эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери боюнча инструктаждар. Педагогикалык кызматкердин өздүк делолоруна керектүү документтер салынган, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө | 2.1.1 Эмгек келишими<br>2.1.2 Жумушка кабыл алууда талап кылынуучу документтердин тизмеси.<br>2.1.3 Ички эмгек тартибинин эрежелери<br>2.1.4 Педагогикалык кызматкерлерди жана кенже персоналдарды жумушка кабыл алуу, которуу,бошотуу боюнча буйруктардын көчүрмөсү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сертификаттардын, сыйлыктардын көчүрмөлөрү, кенже тейлөө персоналдарынын өздүк делолору жана 63,65- беренелерге ылайык эмгек, медициналык китепчелери бар.Ошондой эле мектепте эмгек китептеринин кыймыл боюнча журнал бар.<br>Педагогикалык жана кенже тейлөөчү персоналды кызматтан бошотуу жамааттык келишимге жана КР Эмгек кодексинин 82-беренесине ылайык жүргүзүлөт.<br>Административдик персоналды жумушка кабыл алууда Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн башчысына мектеп директору тарабынан ходатайство жазылат, билим берүү бөлүмүнөн буйрук чыгат.<br>Административдик персоналды жумуштан бошотуу төмөнкүдөй жүрөт:<br>1.Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн башчысына арыз жазылат.<br>2.Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүндө жумуштан бошотуу жөнүндө буйрук чыгарылат.<br>Жумушка кабыл алуу, бошотуу,социалдык коргоо боюнча доомattар жок | |
| 2.2 | Штаттардын комплектелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мектепте 24 педагогикалык кызматкер эмгектенет,педагогдордун курамынын 24 тең (100%) жогорку билимдүү жана 70% кесиптик тажрыйбалуу болуп саналат.<br>Мугалимдердин сыйлыктары :<br>-Билим берүүнүн отличниги - 8<br>-Билим берүү министрлигинин ардак грамотасы – 5<br>-Чүй областык методикалык бөлүмүнүн грамотасы - 1<br>-Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасы - 4<br>Мугалимдердин педагогикалык стажы:<br>Мугалимдердин педагогикалык стажы:<br>- 0-5 жыл – 2<br>- 5-10 жыл – 7<br>- 10-15 жыл – 0<br>- 15 жылдан жогору – 15, анын ичинен<br>пенсия курагындагылар – 9<br>Мугалимдердин бардыгынын билими жогорку педагогикалык жана | 2.2.1 Мугалимдердин сапаттык,курактык курамынын мониторинги<br>2.2.2 Мугалимдердин педстажы боюнча мониторинги<br>2.2.3 Мугалимдердин сыйлыктары боюнча мониторинги<br>2.2.4. Мугалимдерди «Сыйлоо жөнүндө» буйруктардын көчүрмөсү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | предметтер адистиги боюнча берилет жана дипломдоруна шайкеш келет.Предметтер боюнча адистик боюнча мугалимдер жетишпегендиктен, билим берүү программасына шайкеш келүүсүнө биолог мугалими химия сабагынан, информатика мугалими математика предметин, физика мугалими математика предметин берет. АЧД, дене тарбия предметтерин адистиги боюнча дал келбеген мугалим берет. | |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү,ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | КР «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарынын 30, 32-беренелери, «Мугалимдин статусу жөнундөгү» 17,18- беренелери, «Балдар жөнүндөгү кодекси» 4,5-беренелери, мектептин Уставынын негизинде билим берүү процессинин катышуучуларынын физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоо,өз ара мамилелерин баалоо иштери жүргүзүлөт.Мектептин физикалык коопсуздугун жүргүзүүчү техникалык паспорт жана жер участогунун актысы болуп саналат.<br>Билим берүү процесси үчүн оптималдуу санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылуу КР Өкмөтүнүн 2016 жылдын 11-апрелиндеги № 201 «Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык-эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары» токтомунун негизинде мектепте 2020-жылдын 2-сентябрында № 65 «Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аныктоо жана талаптарды аткаруу боюнча комиссия түзүү жөнүндө» буйругу чыгып, ушунун алкагында иштер жүргүзүлөт. Имараттын өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча КР ӨКМнин «Изилдөө актысы»,Чүй –Токмок санитардык- эпидемиологиялык станциясынын «Изилдөө актысы» бар.<br>Билим берүү процессин жакшыртуу үчүн мугалимдердин ден соолуктарына, иш орундарына шарттарды түзүлүп берилген.Билим берүү процессинин катышуучуларына психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү түзүү үчүн сылыктык, туруктуулукту сактоо, адилеттүүлүк, жоопкерчиликтик өз ара мамилелери түзүлүп турат.Мугалимдердин, окуучулардын физикалык жана психологиялык коопсуздугун алдын алуу боюнча тематикалуу | 2.3.1 Тех.паспорт<br>2.3.2 Жер участогунун актысы<br>2.3.3 Кызыктар тараптардын сурамжылоонун натыйжалары (корутундулар,сунуштар жана чечимдер)<br>2.3.4 Мектептин, класстык жалпы ата-энелер чогулуштарынын протоколдору<br>2.3.5 «Мектептин коопсуздугун алдын алуу» семинардын материалдары<br>2.3.6 Физикалык жана психологиялык коопсуздуктун алдын алуу боюнча класстык-тарбиялык сааттардын иштелмелери<br>2.3.7 Физикалык, психологиялык коопсуздук боюнча сурамжылоо<br>2.3.8 КР ӨКМнин райондук бөлүмүнүн «Изилдөө актысы»<br>2.3.9 Чүй-Токмок санитардык эпидемиологиялык станциясынын «Изилдөө актысы»<br>2.3.10 Коопсуздукту камсыздоочу түзүмдөр менен биргелешкен иштин жүрүшү жөнүндө сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аңгемелешүү,тегерек стол,семинар-тренингдерди өтүлүп, ата-энелер комитети менен сурамжылоо иштери жүргүзүлүп мониторинг жасалат.<br>Соц.педагог, класс жетекчилер тарабынан окуучулардын психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруу жана ушул көйгөйлөрдүн алдын алуу боюнча сурамжылоо жүргүзүлөт.Мектеп коопсуздукту камсыздоочу түзүмдөр,үй-бүлөлүк дарыгелер,ИДН кызматкери, айыл өкмөтүнүн соцкызматкери, ЧТББнүн тарбия иштери боюнча инспектору менен биргеликте пландын негизинде алдын алуу иштерин жүргүзөт.Пандемия шартына байланыштуу дежур администратор,мугалим кн сайын окуучулардын, кызматкерлердин температурасытешерилип,ден соолуктарына байкоо жүргүзүлүп турат. Мектепте ишеним почтасы телефону бар.Келген суроо-талаптар уюштуруучу тарабынан каралып,аларга өз убагында жооп берилет. | 2.3.11 Мүмкүнчүлүк чектелген балдар боюнча маалымат |
| 2.4 | Педагогикалык,административди, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Окуу жылынын башында №1 педагогикалык кеңешмеде «Чыр-чатак,эксперттик комиссияны түзүү» иштери каралып, түзүлгөн.Билим берүү, кенже персоналдардын ишмердүүлүгүн, иштин сапатын, натыйжалуулугун баалоо иштери мугалимдер өздөрүн- өздөрү баалайт жана окуу бөлүм башчысы, методикалык бирикмелердин жетекчилери,уюштуруучу жана чарба башчысы тарабынан кварталдын ичинде бааланат жана методикалык бирикмелердин отурумунда эмгек паспортторун кароо критерийлерге таянып талкууланат, андан кийин эксперттик комиссияга жыйынтыгы берилет. Эксперттик комиссия отурумунда иштетилип чыккан критерийлер менен ар бир кызматкердин иш-аракетин туура,айкын- ачык,сын-пикир, ойлорун айтуу менен баалап,чечим чыгарышат.Эгерде кызматкерлерге бөлүнгөн балл боюнча нааразычылык пайда болсо, маселе чыр- чатак комиссиянын отурумунда каралып,обьективдүү чечим чыгыт. Бөлүштүрүлүп даяр болгон эмгек паспорттору директор тарабынан бекитилет.Квартал ичинде окутуу-тарбиялоо процессинде жыйынтык берген | 2.4.1 «Мектеп ичиндеги көзөмөл жөнүндө» буйрук<br>2.4.2.Эксперттик комиссиянын отурумунун токтому<br>2.4.3 «Чыр-чатак,эксперттик комиссияны түзүү жөнүндө» буйруктун көчүрмөсү<br>2.4.4 Эксперттик кеңеш жөнүндө жобо<br>2.4.5 Мугалимдерди сыйлоо жөнүндө жобо<br>2.4.5 Буйруктар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кызматкердин иши обьективдүү бааланат. Дем берүүчү фонд аркылуу кызматкерлердин иш жөндөмдүүлүктөрүнө мотивация түзүлүп турат.Окуу жылынын аягында ар бир кызматкердин эмгегине баа берилип,мониторинг жүргүзүлөт жана сыйлыктар объективдүү берилип турат. | |
| **Күчтүү жактар:** | | КР «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамдарынын 30,32-беренелери, «Мугалимдин статусу жөнүндөгү» 17,18- беренелери, «Балдар жөнүндөгү кодекси» 4,5-беренелери, КР Эмгек кодекси, мектептин Уставынын, ички локалдык актылар менен иштин жүргөндүгү. Предметтердин адистик боюнча берилгендиги жана жогорку билимдүү кадрлардын болгону.Билим берүүнүн коопсуздугун камсыз кылуучу түзүмдөр менен мектептин байланышы. Кызматкерлердин ишмердүүлүгүн туура баалоо иши. | |
| **Алсыз жактар:** | | Айрым мугалимдердин өзүн-өзү баалоосу өтө жогору болгондугу жана улуу мугалимдердин салттуу сабактар, эски методорду колдонгондугу. | |
| **3.М А Т Е Р И А Л Д Ы К – Т Е Х Н И К А Л Ы К Б А З А** | | | |
| 3.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары,лабораториялар,компьютердик класстар,спорт зал,актовый залы,медициналык пункт,ашкана), ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу | Мектеп эки кабаттуу жана типтүү эмес. Эксплуатацияга 1988-жылы берилген. Имараттын техникалык абалы канааттандырарлык.<br>12 класс-кабинетте эмеректер толук бар, коопсуз, жарыктануу жакшы, кышкысын от жагуу системасы жакшы иштейт жана ички кабинеттин температурасы 18$^{o}$тан төмөн болбойт,талапка жооп берет.Физика, химия предметтери үчүн лабораториялар бар.Тарых, кыргыз тили,орус тили кабинеттеринде смарт твлер,информатика кабинетинде 5 компьютер, Билим берүү министрлиги тарабынан проводной интернет туташтырылган.Класс-кабинеттердин ичи ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн (автордук кабинеттер бар) жардамы менен толук замандын талабына жараша тематикалуу, системалуу жасалгаланган.<br>Мектепте 1 проектор,2 ксерокс,2 сканер,3 принтер, 3смарттв,1түстүү принтер, мугалимдердин өздүк 20 ноутбуктары, 2 компьютери бар. Окуучуларга информатика предметин окуу үчүн компьютердин саны жетишпейт.Мектепке компьютерлер 2015- жылы эксплуатацияланган.Химия, биология, физика предметтери боюнча лабораториялар бар. | 3.1.1 Техникалык паспорт<br>3.1.2 Класс- кабинеттердин, компьютердик класс,спортзал, буфеттин, медициналык бурчтун жабдылышы боюнча сүрөттөр<br>3.1.3 Класс-кабинеттер жөнүндө жобо<br>3.1.4 Материалдык-техникалык база боюнча мониторинг<br>3.1.5 Кабинеттердин паспорту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Спортзал бар,спорттук инвентарлар менен жабдылган (демөөрчүлөрдүн жардамы менен).<br>Мектептин актовый залынын абалы жакшы,жарык,чакан жана жасалгаланган,отургучтар менен камсыздалган.Ата-энелердин жардамы менен актовый залга фортепионо алынып берилген.Мектеп типтүү эмес болгондуктан уюштуруучунун кабинетинде медициналык бурч уюштурулган,биринчи жардам көрсөтүүгө карата аптечкалар жана класс-кабинеттерде бар.Тематикалуу залдар жасалгаланган.<br>Республикалык бюджеттин эсебинен стим гранттан 2017-жылы мектептин от жагуучу жайына көмүркана курулган жана айыл өкмөтүнүн жардамы менен 2019-жылы насос электрзымдары, электр шити толугу менен алмаштырылып шарт түзүлгөн.От жагуучу жайда буу казандары жумушчу абалда, насостор иштейт,өрткө каршы шаймандар,шит бар.2018- жылы Республикалык бюджеттен эсебинен дем берүүчү гранттын эсебинен мектептин эшик,терезелери алмаштырылган.<br>Буфет тамак уюштурууга керектүү болгон эмеректер,жабдыктар, идиш-аяктар,плита,муздаткыч менен жабдылган.Ичинде «Ашпозчунун бурчу» уюштурулуп,Чүй-Токмок санитардык- эпидемиологиялык станциясынын көрсөтмөлөрү,талаптары, башталгыч класстары үчүн меню,окуучулардын тизмеси,тамактануу графиги,буйруктар, жугуштуу ооруларды алдын алуучу маалыматтар илинип турат. Жылуу(Аристон), муздак суу бар.Санитардык-гигиеналык ( антисептик, жуучу каражаттар,салфеткалар) талаптарга жооп берет.Коопсуздук эрежелери дайыма сакталат,Зөрт өчүргүч шит,балондор бар. | |
| 3.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын | Окуу жылынын жана 2-жарым жылдыктын башында техникалык коопсуздук эрежелери,эмгекти коргоо, жолдо жүрүү эрежелери, санитардык-гигиеналык талаптардын аткарылышы боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Окуу жылынын башында мектепте коопсудукту алдын алуу багытындагы буйруктар чыккан.Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча информатика,химия,физика,биология предметтеринен практикалык-лабораториялык иштерди аткарууда, дене тарбия предметтеринен,ийримдер боюнча инструктаж өткөрүлүп, журналга колдору коюлган.Мектептин окуу-тарбия процессинин жүрүшүнө шарттар түзүлгөн жана техникалык | 3.1.1 Техпаспорт<br>3.2.2 Техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча инструктаж<br>3.2.3 КР ӨКМнин райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмү менен бирдикте макулдашылган план<br>3.2.3 Коопсуздукту алдын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | эрежелери) | коопсуздуктун эрежелерин сактоо менен талаптарына ылайык иш алынып барылат. КР Өкмөтүнүн 2016- жылдын 11- апрелиндеги № 201 «Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык-эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары» токтомунун негизинде санитардык- эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдеринин талаптарын ишке ашыруу максатында окуучулардын ден соолуктарын сактоого багытталган жана окуу имаратынын аймагына, жайгашуусу, жабдылышы, аба-жылуулук режими, жарыктандыруу, суу менен камсыз кылуу жана канализация, билим берүү процессинин режими, окуучуларды жана мектептин кызматкерлерин медициналык кароодон өткөрүү, мектептин санитардык абалы жана аларды күтүү,башталгыч класстарында тамактанууну уюштуруу боюнча иштер жүрүп турат.Окуучулардын ден соолугуна кам көрүүгө медициналык бурчта аптечка уюштурулган.<br>Имаратта энергияны үнөмдүү колдонуучу лампалар колдонулат жана өрт коопсуздугуна жооп берет.Өрттөн коргонуучу шаймандар жетиштүү. Мектептин эвакуациялоо планынын схемасы, өрт коопсуздугун алдын алуу,тез арада эвакуациялоо, авариялык-куткаруу, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын планы КР ӨКМнин райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмү менен бирдикте макулдашылган түзүлүп, пландын негизинде иш- чаралар өткөрүлүп турат..<br>Экологиялык коопсуздукка карата мектептин айланасы жашылдандырылган иштери колго алынган, тегереги тосулган,тосмону бойлой бак-дарактар отургузулган.Мектепте ички,сырткы дааратканa,кол жуугучтары (Аристон ) талапка жооп берет.Буфетте жылуу суу (Аристон) орнотулган, кол жуугуч бар. Кыргыз-Орус өнүктүрүү фонду тарабынан дагы ички даараткана, кол жуугуч жылуу суусу менен орнотулган.Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу иштери менен билим берүү процессин өстүрүүгө багытталган иштер системалуу жүрүп турат. Материалдык техникалык базанын жана маалыматтык- ресурстардын окутуу программасынын өнүгүшү боюнча мониторинг жүргүзүлүп, анын негизинде пландоо иштери жүргүзүлүп турат.Мектеп коонсуздугунун бурчу бар. | алуу боюнча буйруктардын көчүрмөсү<br>3.2.4 Мектеп коопсуздугунун бурчу боюнча сүрөттөр<br>3.2.5 Мектептин коопсуздугу жөнүндө жобо<br>3.2.6 Мектепти жашылдандыруу боюнча сүрөттөр<br>3.2.7 Долбоорлор менен иштөөнүн сүрөттөрү<br>3.2.8 Тамактануунун менюсу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча Стратегиялык өнүгүү планын негизинде иш алынып барылат.ЮНИСЕФ Балдарды коргоо Эл аралык уюмунун «Save the Children» долбоорунун жардамы менен өспүрүм кыздардын гигиеналык- санитардык шарттарын жакшыртуу максатында администрацияга,мугалимдерге,өспүрүм курактагы окуучуларга бир нече жолу семинар- тренингдер, лекциялар өткөрүлгөн, методикалык колдонмо китепчелер берилип жана ичкы даараткана, кол жуугуч отнотулган (Арсистон).Кыргыз-Орус өнүктүрүү фонду тарабынан дагы ички даараткана, кол жуугуч жылуу суусу менен орнотулган.Ата-энелер, демөөрчүлөрдүн жардамы менен класс-кабинеттердин жасалгасы,спорттук инвентарлар, фортепиано,окуу китептери 14% алынды.Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштери менен билим берүү процессин өстүрүүгө багытталган иштер системалуу жүрүп турат.<br>Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштерин улантуу боюнча мектептин Стратегиялык өнүгүү пландын негизинде 2021-2022-жылдарда демөөрчүлөрдүн жардамы менен ар бир кабинетке жана коридорлорго видеокөрүүнү орноштуруу,акылдуу,интерактивдүү доскаларды, компьютерлерди,маркерлерди,географиялык карталарды, лабораторияга керектүү жабдыктарды сатып алуу пландаштырылууда. | 3.3.1 Мектептин Стратегиялык өнүгүү планы<br>3.3.2 Мектептин материалдык-техникалык базаны чыңдоо планы.<br>3.3.3 Демөөрчүлөр, ата-энелер менен иштөө боюнча сүрөттөр<br>3.3.4 Мектепке алынган мүлктөрдүн мониторинги |
| **Күчтүү жактар:** | | Материалдык- техникалык базанықжана маалыматтык ресурстарды жакшыртууга карата Стратегиялык өнүгүү планын болгондугу жана ишке ашырылышы.Материалдык-базаны чыңдоо иштерин жүзүгө ашырууда ата-энелер,демөөрчүлөр менен иштөөнүн системалуу жүрүшү. | |
| **Алсыз жактар:** | | Компьютерлердин окуучуларга жетишсиздиги,интерактивдүү, акылдуу доскалардын жоктугу. | |
| **4.Ф И Н А Н С Ы Л Ы К Р Е С У Р С Т А Р Д Ы Б А Ш К А Р У У** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | Мектепти каржылоо Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүнүн борборлоштурулган бухгалтериясы аркылуу жүргүзүлөт.Мектепти каржылоодо Республикалык бюджеттен мектеп кызматкерлеринин эмгек акысын жана прочая ишмердүүлүгүнүн статьялары жана жергиликтүү бюджеттен коммуналдык төлөмдөрдү ( электрэнергиясы, көмүр) төлөө каралган. | 4.1.1 Смета 2020-2021-окуу жылы үчүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу,бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Мектепте кошумча окутуу уюштурулган эмес.Камкорчулар кеңеши жок Класс-кабинеттерди жасалгалоодо каржылоо демөөрчүлөрдүн,ата-энелердин эсебинен жүргүзүлүп,жалпы мектептин, класстардын ата-энелер чогулушунда ата-энелер,демөөрчүлөр тарабынан отчеттор айкын-ачык берилип турат.. | |
| 4.3 | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Жаңы окуу жылына карата башталгыч класстарында,химия, физика, математика,орус тили, англис тили предметтери боюнча кошумча окутуу иштери жана ( мектептин Стратегиялык өнүгүү планында каралган) Камкорчулар кеңешин ачуу пландаштырылып жатат.Демөөрчүлөр,коомчулук, ата-энелер менен мектептин байланышын бекемдөөнү улантуу. | 4.3.1 Мектептин Стратегиялык өнүгүү планы |
| **Күчтүү жактар:** | | Статьяларга ылайык республикалык жана жергиликтүү бийликтин каржылоосу өз убагында жүргүзүлүп турат.Демөөрчүлөр, коомчулук менен иштөө. | |
| **Алсыз жактар:** | | Материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча Камкордук кеңештин, кошумча окутуунун жоктугу. | |

**3.Корутунду**

Туйту Каракеев атындагы орто мектеби окуу-тарбия процессин жүргүзүүдө,билим сапатын жакшыртуу жана камсыздоо,кадр саясатынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, материалдык-техникалык базаны чыңдоо,финансылык ресурстарды колдонуу саясатын жүргүзүүдөгү иштердин багыттарынын ачык-айкындуулугун өзүн-өзү баалоо боюнча отчетунда карап чыгып комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:

**Институционалдык аккредитациялоодон өтүү үчүн Билим берүү жана илим министрлигинен комиссия суранат:**
Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органдан институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрайымы:_____________ Кадырова М.М.- мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү:______________ Абылкасым кызы Гүлүм -окуу бөлүмүнү башчысы

______________Абдыкадырова Н.Ж.- уюштуруучу

______________ Зарылбек кызы Аксана- усулдук бирикменин жетекчиси

______________ Усубалиева А.М.-ата-энелер комитетинин төрайымы